**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ
БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**М. РЫСКУЛБЕКОВ атындагы
КЫРГЫЗ ЭКОНОМИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**И.РАЗЗАКОВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК
УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 08.19.593- диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда
УДК 338.2:352(575.2)

**Кадыр уулу Алмазбек**

# Кыргыз Республикасынын муниципалдык менчигин башкаруу жана өнүктүрүү көйгөйлөрү

08.00.05 – экономика жана эл чарбасын башкаруу

экономика илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган

**Автореферат**

**Бишкек – 2019**

**Диссертациялык иш Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин «Экономика» кафедрасында аткарылды**

**Илимий жетекчи:** **Искаков Издевалды Искакович**
экономика илимдеринин доктору, профессор,
Ж. Баласагын атындагы КУУнун «Экономиканы мамлекеттик жөнгө салуу» кафедрасынын башчысы

**Расмий оппоненттер:** **Токсобаева Бактыгуль Асановна**
экономика илимдеринин доктору, профессор,
М.Рыскулбеков атындагы КЭУнун ҮАББИнин мүдүрү

**Жапаров Турдубек Турдалиевич**
экономика илимдеринин кандидаты, доцент,
КРнын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын «Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу, саясий технологиялар, менеджмент жана экономика» программалар аралык кафедрасынын башчысы

**Жетектөөчү уюм:** К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети, «Экономикалык программалар жана башкаруу» кафедрасы, Бишкек ш.,7-кр, 34-үй.

Диссертациялык ишти коргоо 2019-жылдын 13-сентябрында саат 16.00дө М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин жана И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин алдындагы экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д 08.19.593 диссертациялык кеңешинин отурумунда өтөт.

Дареги: 720033, Бишкек шаары, Тоголок Молдо көчөсү, 58.

Диссертациялык иш менен 720033, Бишкек шаары, Тоголок Молдо көчөсү, 58 дарегинде жайгашкан М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин илимий китепканасынан жана ДКнын www.keu.kg. сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2019-жылдын таркатылды.

Д **08.19.593** диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, экономика
илимдеринин кандидаты, доцент Байтерекова Г.С.

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу.** Заманбап Кыргызстанда жергиликтүү өзүн өзү башкаруу (ЖӨБ) тутумунун калыптануу процесси жигердүү жүрүп жатат, бул мамлекеттин социалдык-экономикалык милдеттерин аймактык деңгээлде чечүүдө жергиликтүү коомчулуктардын ролунун жогорулагандыгы менен шартталат. Бул жагдайда ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүнүн өндүрүштүк жана экономикалык негизин түзүүчү муниципалдык менчик түрүнүн калыптанышы өзгөчө мааниге ээ болууда.

Республиканын жергиликтүү коомчулук органдарынын муниципалдык менчикти башкарууда жетишерлик позитивдүү тажрыйбасы болгондугуна карабастан, аны иш жүзүнө ашыруу ыкмалары рынок мамилелеринин талаптарына толук жооп бербейт.

Муниципалдык менчик объектилерин башкарууда жана пайдаланууда алардын моралдык эскиргендигинен жана колдонулуп чалдыбары чыккандыгынан улам бир топ чыгым жумшалат.

Муниципалдык менчикти пайдалануудан түшкөн кирешенин үлүшү төмөн болгондуктан, жергиликтүү бюджеттер дайыма тартыш болот, мунун натыйжасында заманбап Кыргызстанда жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын чейрек бөлүгү көмөкпулга муктаж.

ЖӨБ органдарынын мүлктүк комплексинин маанилүүлүгүнө карабастан, муниципалдык менчик объектилерин башкаруу, иштетүү жана пайдалануу маселелери республикада толук чечилген эмес. Буга байланыштуу натыйжалуу институционалдык чөйрөнү түзүүгө багытталган муниципалдык менчик укуктарын так спецификациялоо зарылдыгы жаралат.

Ошону менен бирге, дүйнөлүк тажрыйба көргөзгөндөй муниципалдык менчик – муниципалитеттердин экономикалык негизин түзүүчү маанилүү курам болуп эсептелет, ал жергиликтүү чарба жүргүзүү тутумдарынын бүтүндүгүн жана натыйжалуу башкарууну камсыздайт, жергиликтүү калктын жашоо сапатына колдоо көргөзүүчү инструмент болуп саналат.

Кыргызстанда бүгүнкү күндө мүлккө муниципалдык менчиктин табиятын, түзүлүш шарттарын, жөнгө салуу жана башкаруу көйгөйлөрүн, өнүгүү келечегин изилдөөгө арналган илимий иштердин саны аз. Көпчүлүк учурда изилдөөлөр колдонмо мүнөздө, анын юридикалык-укуктук жана практикалык аспектилерин изилдөөгө өзгөчө маани берилет. Заманбап Кыргызстанда көрсөтүлгөн маселелердин теориялык жана методикалык жактан жетишсиз иштелгендиги диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугун, максатын жана милдеттерин аныктады.

**Диссертациялык иштин темасынын илимий жана мамлекеттик программалар менен байланышы.** Диссертациялык иштин темасы мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу механизмдерин жана инструменттерин өркүндөтүү контекстинде республикада кабыл алынган кыргыз коомунун экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн ири концепцияларын жана стратегияларын ишке ашыруу менен тыгыз байланыштуу. Алардын айрыкча маанилүүлөрү төмөнкүлөр болуп саналат:

Кыргыз Республикасын 2013-2017-жылдарга туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы, КРнын 2018-2022-жылдарга карата аймактык саясатынын Концепциясы, КРнын 2016-2019-жылдарга карата бюджеттер аралык мамилелерин өнүктүрүү Концепциясы. Диссертациялык иш ошондой эле Ж.Баласагын атындагы КУУнун «Экономиканы мамлекеттик жөнгө салуу» кафедрасынын «Заманбап Кыргызстандын аймактык саясаты: аны өнүктүрүү жана өркүндөтүү багыттары» аталыштагы илимий маселесин иштеп чыгуу контекстинде аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин максаты Кыргыз Республикасында мүлккө муниципалдык менчикти башкаруунун жана пайдалануунун өзгөчөлүктөрүн аныктоо, аны жөнгө салуу процессин өркүндөтүүнүн негизги багыттарын белгилөө болуп саналат.

Коюлган максатты жүзөгө ашыруу төмөнкүдөй бир катар **милдеттерди** шарттады:

1. менчик мамилелеринин тутумунда ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүн уюштуруунун экономикалык негизи катары муниципалдык менчиктин социалдык-экономикалык мазмунун тактоо жана ага автордук аныктама берүү;
2. чет өлкөлүк тажрыйбаны иликтөөнүн контекстинде башкаруу объектиси катары муниципалдык менчиктин негизги функцияларын карап чыгуу;
3. оптималдык курамын түзүү жагынан алганда муниципалдык менчиктин түзүмүнө талдоо жүргүзүү;
4. жергиликтүү бюджетти түзүүчү маанилүү булактардын бири катары муниципалдык менчиктин ролуна сереп салуу;
5. Кыргыз Республикасында жергиликтүү коомчулуктардын калкынын экономикалык кызыкчылыктарын түзүүнүн жана ишке ашыруунун материалдык негизи катары муниципалдык менчиктин иштешинин бөтөнчөлүктүү өзгөчөлүктөрүнө талдоо жүргүзүү;
6. жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун натыйжалуу иштешинин мүлктүк негизи катары муниципалдык менчикти башкаруу тутумун өркүндөтүү боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу жана сунуштоо.

**Изилдөө объектиси** болуп мүлккө муниципалдык менчик эсептелет.

**Изилдөө предмети** катары мүлккө муниципалдык менчикти башкаруунун жана пайдалануунун жүрүшүндө келип чыгуучу экономикалык мамилелер каралат.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы**:

– менчик мамилелеринин тутумунда муниципалдык менчиктин ордун аныктоо менен анын социалдык-экономикалык мазмуну жана табияты такталды;

– «муниципалдык менчик» түшүнүгүнө автордук аныктама берилди, анын башка менчик түрлөрүнөн негизги айырмачылыктары көрсөтүлдү;

– жергиликтүү коомчулук бирикмелеринин мүчөлөрү тарабынан муниципалдык менчик объектилерин түзүү өзгөчөлүгү жана башкаруу процесси көрсөтүлдү;

– жергиликтүү коомчулук кызыкчылыктарын сактоо үчүн муниципалдык менчикти башкаруу процессине жарандардын катышуу түрү аркылуу

муниципалдык менчиктин функцияларын ишке ашыруу механизми ачыкталды;

– муниципалдык мүлктөн түшкөн кирешени түзүүнүн жана пайдалануунун багыттары жана анын жергиликтүү бюджеттеги ролу аныкталды;

– муниципалдык менчикти башкаруу чөйрөсүндөгү көйгөйлөр аныкталды, аны ишке ашыруу түрлөрүн өнүктүрүү жолдору сунушталды;

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Изилдөөдө алынган практикалык натыйжалар, илимий негизделген сунуштар, ошондой эле тыянактар мамлекеттик жана муниципалдык бийлик органдарынын бардык баскычтары тарабынан муниципалдык менчик объектилерин пайдаланууда жана анын оптималдуу түзүмүн аныктоодо натыйжалуу башкаруу механизмдерин иштеп чыгуу үчүн колдонулушу ыктымал.

Диссертациялык изилдөөдө иштелип чыккан жоболорду ЖОЖдордо «Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун экономикалык жана каржылык негиздери», «Мамлекеттик жана муниципалдык каржылоо», «Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун экономикалык негиздери», «Экономиканы мамлекеттик жөнгө салуу», «Муниципалдык менежмент» сабактарын окутууда, ошондой эле ЖӨБ органдарынын каржылык-экономикалык базасын пайдалануу маселелери ж.б. боюнча муниципалдык кызматкерлер үчүн өткөрүлүүчү дасыгын жогорулатуу курстарын өткөрүүдө пайдаланууга болот.

**Алынган натыйжалардын экономикалык мааниси.** Айрым мэриялардын жана айыл аймактарынын ишмердүүлүгүн талдоонун негизинде аткарылган изилдөөнүн жүрүшүндө республиканын ар түрдүү аймактарында муниципалдык менчик объектилерин пайдалануу боюнча алынган натыйжалар жана сунуштар алардын айрым элементтерин жергиликтүү коомчулуктардын башкаруу органдарынын ишине киргизүүгө мүмкүндүк берди.

**Диссертациялык изилдөөнүн коргоого чыгарылган негизги жоболору**:

- изилдөөнүн теориялык жана методикалык базаларын системалоо жана жалпылоо аркылуу «муниципалдык менчик» түшүнүгүн тактоого жана автордук аныктама берүүгө мүмкүндүк түзүлдү;

- муниципалдык менчиктин негизги функцияларынын мазмунун тактоо аркылуу автор ЖӨБ органдарынын башкаруучулук ишмердүүлүгүн өркүндөтүү багыттары катары инновациялык методдорду жигердүү жайылтуу зарыл деп эсептейт;

- чет өлкөлүк тажрыйбаны иликтөөнүн негизинде муниципалдык менчик объектилерин пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуучу маанилүү фактор катары аларды башкаруу процессине муниципалдык-жекече өнөктөштүк элементтерин киргизүү сунушталды;

- жүргүзүлгөн талдоолордун негизинде автор тарабынан муниципалдык мүлк объектилерин натыйжалуу пайдалануу боюнча бенчмаркинг башкаруу методун жайылтууга мүмкүндүк бере турган сунуштар берилди;

- ЖӨБ органдарынын каржылык ресурстар менен камсыздалуу абалын изилдөө авторго жергиликтүү бюджеттин потенциалын көбөйтүү жолдорун сунуш кылууга мүмкүндүк берди;

- аныкталган кемчиликтердин жана колдо бар резервдердин негизинде муниципалдык менчик тармагында башкаруучулук ишмердүүлүктү өркүндөтүү жана аны пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча сунуштар берилди.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Иште мүлккө муниципалдык менчиктин абалынын теориялык жана практикалык аспекттерин, аны башкарууну жана пайдаланууну комплекстик изилдөө жүргүзүлдү, көйгөйлөр аныкталды жана бул тармакты жөнгө салуу боюнча жетишерлик түрдө негизделген сунуштар берилди.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо.** Илимий изилдөөнүн жыйынтыктары төмөнкү илимий-практикалык конференцияларда жана семинарларда баяндалды жана апробацияланды:

* Ж. Баласагын атындагы КУУнун 80 жылдыгына арналган илимий-практикалык конференция (Бишкек, 2012);

* э.и.д., проф. А. Сарыбаевдин 65 жылдыгына арналган илимий-практикалык конференция (Бишкек, 2013);

* э.и.д, проф. М. Исраиловдун 75 жылдыгына арналган илимий-практикалык конференция (Бишкек, 2017).

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда толук жарыяланышы.** Диссертациялык иштин негизги жоболору боюнча илимий изилдөөнүн негизги мазмунун чагылдырган, жалпы көлөмү 4,5 басма табакты түзгөн 9 илимий макала жарыяланган, анын ичинен 5 макала РФнын жана КРнын илимий цитаталоо индексинин маалыматтар базасына кирген журналдарда басылып чыккан .

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү**. Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, тыянактан жана сунуштардан, пайдаланылган адабияттардын 154 аталыштагы тизмесинен турат; 12 жадыбалды, 2 сүрөттү жана бир тиркемени камтыйт. Иштин жалпы көлөмү 161 бетти түзөт.

## ИЗИЛДӨӨ ИШИНИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациянын темасынын актуалдуулугу ачылган, жүргүзүлгөн изилдөөнүн максаттары жана милдеттери, алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы, экономикалык жана практикалык маанилүүлүгү аныкталган, коргоого чыгарылган негизги жоболор баяндалган, изденүүчүнүн жеке салымы, изилдөө натыйжаларын апробациялоо деңгээли көрсөтүлгөн.

«**Башкаруу объектиси катары муниципалдык менчиктин теориялык негиздери» деп аталган биринчи бапта** мүлккө муниципалдык менчиктин социалдык-экономикалык мазмуну, анын башка менчик түрлөрүнөн айырмасы аныкталды; негизги функцияларына мүнөздөмө берилди; ошондой эле айрым чет өлкөлөрдүн бул менчик түрү тармагындагы мамилелерди жөнгө салуу боюнча тажрыйбасы иликтенди.

Жүргүзүлгөн изилдөөлөр тарабынан «менчик» түшүнүгү адам баласынын жашоосунда негизги орундардын бирин ээлей тургандыгы, коомдун социалдык

жана экономикалык мамилелеринин тутумун түзө турган курам экендиги белгиленди.

Тарыхый тажрыйба көргөзгөндөй, ар кандай объектилерге менчик кылуу ар түрдүү болот, муну менен тигил же бул коомдук-экономикалык түзүлүштүн маани-маңызы жана материалдык байгерчиликти өндүрүү ыкмалары аныкталат.

Ошондуктан адам коомунун бүткүл өнүгүү тарыхында Плутон, Аристотелден баштап заманбап изилдөөчүлөргө жана экономикалык ойдун өкүлдөрүнө чейин ар түрдүү коомдук-экономикалык түзүлүштөрдөгү менчик түрлөрүнүн экономикалык мазмунун, көрүнүш формаларын изилдөөгө алгандыгы кокусунан эмес. Мисалга, А.Смиттин талапкери болгон англиялык экономист Д. Юм «менчикти бөлүштүрүү жана ага ээ болуу жөнүндөгү келишим – адам коомунун түзүлүшү үчүн эң зарыл жана башкы нерсе экендигине эч ким күмөн санабайт жана тиешелүү келишим түзүлгөндөн кийин аз гана нерсе аткаруу керек болот» деп эсептеген [Юм, Д. Адам баласынын табияты тууралуу трактат [Текст] / Д.Юм.-М: 1997, 2-т, 279-б.].

Менчикти жалпы экономикалык тутумдун, ошондой эле башкаруучулук процесстердин негизи катары марксизм изилдеген, анын идеялары боюнча менчик экономикалык категория катары өндүрүш каражаттарына жана алардын жардамы менен өндүрүү, бөлүштүрүү, алмашуу жана керектөө процессинде түзүлүүчү материалдык байгерчиликке ээлик кылуу мамилелерин көргөзөт. Менчикти экономикалык категория катары мүнөздөө менен К.Маркс анын негизги маңызын ачып көрсөткөн – менчик материалдык-заттык мазмунга ээ, бул анын кимдир-бирөөгө милдеттүү түрдө таандык болорун, демек аны жөнгө салуу жана башкаруу зарылдыгы келип чыгарын шарттайт.

Заманбап Кыргызстанда конституциялык бекитилген жана иштеп жаткан менчик түрүнүн бири болуп мүлккө муниципалдык менчик эсептелет, анын түзүлүшү мамлекет тарабынан жергиликтүү коомчулуктар деңгээлине мүлккө ээ болуу, аны тескөө жана пайдалануу укутарынын берилиши менен шартталган. Демек, жергиликтүү калк бул менчик түрүнүн негизги субъектиси болуп саналат, мунун өзү анын натыйжаларына ээлик кылуу мүнөзүн, иштөө максаттарын, пайдалануу багыттарын, пайдалануудан түшкөн кирешени бөлүштүрүүнү жана эң башкысы аны башкаруу жана жөнгө салуу процессин аныктайт.

Ошентип, муниципалдык менчик өзүнүн социалдык-экономикалык мазмуну боюнча юридикалык макамга ээ болгон коомчулуктун (мэрия, айыл өкмөтү) калкы жашаган конкреттүү аймактын алкагында жергиликтүү калктын керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн материалдык жана рухий байлыктарды өндүрүүнүн, ээлик кылуунун жана керектөөнүн жамааттык-топтук түрү катары чыгат.

Жалпысынан алганда, бүгүнкү күндө Кыргызстанда муниципалдык менчик мамилелерин калыптанып калган мамилелер катары мүнөздөөгө болот. Бирок бул муниципалдык менчик түрүн өркүндөтүү жана натыйжалуу башкаруу зарылдыгы жок дегендик эмес. Жалпы өлкөдө, ошондой эле ЖӨБ тутумунда социалдык - экономикалык кайра өзгөртүүлөр кыйынчылык менен ишке ашууда, өлкөбүз туруктуу өнүгүү көрсөткүчтөрүнө али жетише элек.

Теориялык изилдөөнүн негизинде биз жергиликтүү калктын кызыкчылыгы үчүн жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын жергиликтүү өндүрүштүк-экономикалык, каржылык жана ресурстук потенциалын (суу түтүктөр тармагы, көрктөндүрүү, транспорт, турмуш-тиричилик жактан тейлөө ж.б. ) пайдалануу аркылуу материалдык байлыктарды өндүрүү жана кайра өндүрүү менен байланышкан негизги кызматтары муниципалдык менчикти бөлүп көрсөтүүнүн жана түзүүнүн башкы экономикалык критерийи катары эсептелет деген тыянакка келдик.

Жамааттык-топтук менчик белгилерине ээ болгон муниципалдык менчиктин төмөнкүдөй айырмачылыктуу мүнөздөмөлөрү бар:

өндүрүш каражаттарына жана натыйжаларына ээлик кылуу жергиликтүү калктын өз алдынчалуу жана обочолонгон коомчулуктарынын алкагында жүргүзүлөт;

тең укуктуу менчик ээлери болгон жергиликтүү калк жамааты муниципалдык менчик түрүнүн негизги субъектиси болуп саналат;

муниципалдык менчикти башкаруу жергиликтүү коомчулуктун бардык мүчөлөрү тарабынан башкаруу органдарынын аткаруучулук жана өкүлчүлүктүү адамдары аркылуу жүргүзүлөт;

жергиликтүү коомчулук тарабынан түзүлгөн материалдык жана рухий байлыктардын бүткүл жыйындысын бөлүштүрүү анын бардык мүчөлөрүнүн кызыкчылыгын эске алып жүргүзүлөт;

Демек, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу тутумунда муниципалдык мүлктү тескөө укугун биргелешип пайдаланган эки типтеги субъект болот, алар – башкы жана негизги менчик ээси болуп эсептелген жергиликтүү калк жана аларга ишенип берилген мүлктү бөлүштүрүү жана башкаруу укугуна ээ болгон ЖӨБ органдары (1.1-жадыбалды караңыз).

**1.1-жадыбал. Муниципалдык менчик субъектилеринин ортосунда укук бөлүштүрүү**

| Менчик элементтери/ субъектилери | Жергиликтүү калк | ЖӨБ органдары (өкүлчүлүктүү жана аткаруучулук) |
|---|---|---|
| Ээлик кылуу укугу | + | |
| Пайдалануу укугу | | + |
| Тескөө укугу | | + |
| Кирешеге ээ болуу укугу | | + |
| Калдык наркка укугу | + | |
| Коопсуздук укугу | + | |
| Мүлктү мураскорго өткөрүп берүү укугу | | + |
| Мөөнөтсүз ээлик кылуу укугу | + | |
| Зыян келтирип пайдаланууга тыюу салуу | | + |
| Жаза чараларын колдонуу түрүндө жоопкерчилик | | + |
| Калдык калтыруу укугу | | + |

Булак: муниципалдык менчикти башкаруунун негизги субъектилеринин мыйзамдын негизинде бекитилген жана аныкталган укуктарынын негизинде автор тарабынан түзүлгөн.

Бул жадыбал көргөзгөндөй, муниципалдык менчик тармагында башкаруучулук ишмердүүлүгүндөгү негизги субъектинин ролун көп учурда аткаруучу-тескөөчү жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары аткарат.

Жалпы алганда, түзүлүү жана өнүгүү тажрыйбасынан, мазмунун теориялык жана илимий түшүнүү жагынан алганда муниципалдык менчикти жергиликтүү коомчулуктардын, калктын менчиги катары аныктоого болот, ал ЖӨБ органдарынын ээлигинде, пайдалануусунда жана тескөөсүндө болот, киреше алуу булагы, жергиликтүү социалдык-экономикалык милдеттерди чечүү ыкмасы катары кызмат кылат жана жергиликтүү коомчулуктарда башкаруучулук ишмердүүлүктүн негизги объектиси болуп саналат.

Бул менчик түрүнө жөнгө салуучулук таасир этүүнүн өзгөчөлүктөрүн изилдөөдө биз анын кызмат-милдеттери, багытталышы, чечүүчү милдеттери жергиликтүү коомчулук органдарынын башкаруучулук ишмердүүлүгүнүн объектиси болуп саналат деген тыянакка келдик. Бул кызмат-милдеттер биз тарабынан: ресурстук, кайра өндүрүп чыгаруучулук, социалдык, ишкердикке көмөк көргөзүү жана инновациялык деген түрдө топтоштурулду.

Изилдөө темасы боюнча чет өлкөлүк тажрыйбаны талдоо көргөзгөндөй, өнүккөн өлкөлөрдө жана мурунку Советтер Союзунун айрым республикаларында тигил же бул деңгээлде жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу тутуму, демек муниципалдык менчикти башкаруу орун алган.

Мындай өлкөлөргө Россия, Украина, балтикалык - Эстония, Латвия, кавказдык - Азербайжан, Борбордук Азиялык аймактан – Кыргызстан кирет, алар экономикалык жана каржылык жагынан жалпы алганда эл аралык ченемдик-укуктук актыларын (Европалык Хартия, ЖӨБ тууралуу Моделдик мыйзам) сакташат. Башка КМШ өлкөлөрүндө жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу тутуму классикалык деп аталган түрдө кезигет, демек анын экономикалык негизи болгон - муниципалдык менчик да өнүккөн эмес.

Кыргызстан үчүн колдонуу жана пайдалануу жагынан алганда Россия Федерациясынын (муниципалитеттер) жана Украина Республикасынын (гминдер) тажрыйбалары ыңгайлуураак болуп саналат. Биздин республиканын жергиликтүү коомчулук органдары бул өлкөлөрдөгүдөй эле муниципалдык менчик объектилерине өз алдынча ээлик кылуу, тескөө, пайдалануу жана башкаруу укуктарына ээ.

**«Кыргызстанда муниципалдык менчикти башкаруунун орношу жана абалы»** деп аталган экинчи бапта КРда муниципалдык менчиктин калыптанышына өбөлгө түзгөн социалдык-экономикалык жана ченемдик-укуктук жагдайлар изилдөөгө алынды, муниципалдык мүлктүн заманбап түзүмүн талдоого өзгөчө көңүл бурулду, жергиликтүү коомчулуктардын башкаруу органдарынын иштешине, менчик объектилерин башкаруу процесине жана пайдалануу абалына талдоо жүргүзүлдү.

**Изилдөө методдору жана изилдөө материалдары**. Изилдөөнүн методологиялык негизин статистикалык, тутумддуу, аналитикалык, логикалык жана салыштырмалуу талдоо методдору түзөт, КРӨгө караштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин маалыматтары, Кыргыз Республикасынын бир катар айыл

өкмөттөрүнүн жана шаардык мэрияларынын кирешелик дараметин талдоо изилдөө материалы болуп саналат.

Мындан улам, биз тараптан Кыргызстанда мүлккө муниципалдык менчиктин калыптанышынын уюштуруучулук-экономикалык жана ченемдик-укуктук негиздери изилденди жана талдоо жүргүзүлдү. Анын калыптанышы баарыдан мурун мамлекеттик жана колхоздук-кооперациялык ишканаларды менчиктештирүү жана мүлктүк комплексти анын ичинде жергиликтүү коомчулуктарга дагы өткөрүп берүү менен байланышкан.

1996-жылы Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча өткөрүлгөн жалпы элдик референдум жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына коммуналдык менчикке ээ кылуу, пайдалануу жана тескөө укугу берилген б.а. бул менчик түрү өз алдынча катары биринчи жолу конституциялык жактан бекемделген. Андан ары “Объектилерди коммуналдык менчикке берүү тартиби жөнүндө” жобосунун негизинде жергиликтүү коомчулук органдарына өткөрүлүп берилүүчү мамлекеттик менчиктеги негизин эмгектик жана жаратылыштык ресурстар: жер, кен байлыктары, суулары, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү түзгөн биринчи объектилердин тизмеси, жергиликтүү коомчулуктардын кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрү ж.б. аныкталды [Шерипбаев, А.М. Кыргыз Республикасынын, Россия Федерациясынын жана Казакстан Республикасынын мыйзамдарына салыштырмалуу укуктук талдоо [Текст]: юридикалык илимдердин кандидатынын дисс.: 12.00.02. /А.М.Шерипбаев .- Москва,2004.- 93-127-б].

**2.1-жадыбал. Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына өткөрүлүп берилген объектилердин жалпыланган тизмеси (облустар боюнча, 01.01.2008-ж. карата)**

| № | Облус, шаар, район | ЖӨБ органдарынын саны | Өткөрүлүп берилген объектилердин саны | Объектилердин баланстык наркы (миң сом) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Баткен облусу | 37 | 854 | 459971,3 |
| 2 | Талас облусу | 38 | 435 | 243797,1 |
| 3 | Ысык-Көл облусу | 64 | 961 | 709690,3 |
| 4 | Нарын облусу | 64 | 734 | 439700,3 |
| 5 | Жалал-Абад облусу | 76 | 1796 | 1384050,8 |
| 6 | Ош облусу | 92 | 1592 | 1167872,2 |
| 7 | Чүй облусу | 113 | 1973 | 4416275,5 |
| | Бардыгы: | 484 | 8345 | 8821303,5 |

Булак: Рейтинг КРӨгө караштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин маалыматтарынын негизинде автор тарабынан түзүлгөн.

Жалпы алганда, муниципалдык мүлктүн мүнөзүн жана багытын эске алып, анын түзүмү шарттуу түрдө төмөнкүдөй топтоштурулду:

- пайдалануу мүнөзү жергиликтүү маанидеги маселелерди, анын ичинде жерди пайдаланууну чечүүгө багытталган мүлк;

- тикелей жергиликтүү коомчулукка таандык органдардын, кызмат адамдарынын, ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин кызматкерлеринин ишмердүүлүгүн камсыз кылуу үчүн колдонулуучу мүлк же каражаттар.

Диссертациялык иште муниципалдык менчиктин иштөө абалын жана аны жергиликтүү коомчулуктун аткаруучулук жана өкүлчүлүктүү адамдары аркылуу башкарууну талдоого өзгөчө көңүл бурулду.

Ошентип, кабыл алынган ченемдик-укуктук актыларга (КРнын «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» (5-бап) [Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө [Текст]: Кыргыз Республикасынын мыйзамы. - Б., 2002. -5-берене], «Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу жөнүндө» (4,6-баптар) мыйзамдарына) ылайык жергиликтүү коомчулук органдары өзүнүн күнүмдүк ишмердүүлүгүндө муниципалдык мүлк объектилерин башкаруу боюнча уюштуруучулук-экономикалык, каржылык-насыялык, эсептик-аналитикалык жана башка иш тартиптерин жана инструменттерди пайдаланышат. Алардын негизги кызмат-милдеттери болуп: муниципалдык мүлк объектилерин каттоо жана идентификациялоо, каржылык-экономикалык аткарымдарды жүргүзүү, ижаралык-келишимдик мамилелер, менчиктештирүү иш тартиптери жана механизмдери ж.б. эсептелет, алардын мазмуну бул изилдөөдө жетишерлик түрдө чагылдырылды.

Муниципалдык менчиктин иштешине талдоо жүргүзүү процессинде, мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдарынын кызматкерлери менен жеке баарлашууда жана бул изилдөө ишин аткаруу үчүн материалдарды топтоодо автор Кыргыз Республикасында муниципалдык менчикти башкаруу тутумунун, аны пайдалануу абалынын жакшы жактарын аныктады:

1. Муниципалдык менчиктин иштеши, аны жөнгө салуу жана башкаруу боюнча мыйзамдык-укуктук база жетишерлик күчтүү (10дон ашык мыйзам, мамлекет башчысынын 50 Жарлыгы жана буйрутмалары, Өкмөттүн 30 га жакын токтомдору).

2. Муниципалдык мүлк объектилеринин социалдык багытталгандыгы, ал жергиликтүү калктын муктаждыктарын жана керектөөлөрүн камсыз кылат, жергиликтүү бюджетке аларды пайдалануудан түшкөн каржылык каражаттардын көлөмүнүн өсүшү үчүн шарт түзөт.

Диссертациялык изилдөөдө муниципалдык мүлк объектилерин пайдалануу процессинде бюджеттердин түзүлүш абалын аныктоо үчүн Кыргызстандын бир катар айыл өкмөттөрүнүн жана шаардык мэриялардын киреше дараметине тандалма талдоо жүргүзүлдү.

**2.2-жадыбал. КРнын бир катар айыл өкмөттөрүнүн кирешесине тандалма талдоо (2013-2017-жж. карата тандалып алынган, миң сом).**

| Айылдык аймактын аталышы | Киреше түрү | Жылдар | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |
| Алайкуу а/а Кара-Кулжа р. Ош обл. | Менчик салыгы, бардыгы | 1022,1 | 1089,0 | 1153,4 | 1162,5 | 1157,7 |
| | Мүлк салыгы, анын ичинде: | 323,5 | 346,9 | 376,8 | 392,5 | 384,5 |
| | Кыймылсыз м/с | 113,7 | 122,3 | 137,7 | 140,5 | 134,2 |
| | Кыймылдуу м/с | 209,8 | 224,6 | 239,1 | 252,0 | 250,3 |
| | Жер салыгы, анын ичинде: | 698,6 | 742,1 | 776,6 | 770,0 | 773,2 |
| | Короо жай участогуна салык | 294,3 | 308,1 | 317,4 | 310,1 | 311,9 |
| | Чарба жерлерин пайдаланууга салык | 372,4 | 394,6 | 411,3 | 408,3 | 410,6 |
| | Калктуу конуш жерлерин колдонуу салыгы | 31,9 | 39,4 | 47,9 | 51,6 | 50,7 |
| | Ижара акысы, анын ичинде АЧЖКБФ жерлерин берүү | 267,5 | 281,7 | 298,5 | 308,9 | 312,3 |
| Бардыгы | | 1289,6 | 1370,7 | 1451,9 | 1480,4 | 1470,0 |
| Ак-Жар а/а Ат-Башы району, Нарын облусу | Менчик салыгы, бардыгы | 1038,5 | 1096,6 | 1170,8 | 1258,9 | 1256,1 |
| | Мүлк салыгы, анын ичинде: | 429,1 | 446,2 | 476,9 | 531,8 | 523,7 |
| | Кыймылсыз м/с | 176,7 | 182,4 | 198,9 | 219,8 | 205,7 |
| | Кыймылдуу м/с | 252,4 | 263,8 | 278,0 | 312,0 | 318,0 |
| | Жер салыгы, анын ичинде: | 609,4 | 650,4 | 693,9 | 727,1 | 732,4 |
| | Короо жай участогуна салык | 253,2 | 264,1 | 288,4 | 297,7 | 300,6 |
| | Чарба жерлерин пайдаланууга салык | 326,8 | 349,6 | 365,7 | 388,3 | 391,5 |
| | Калктуу конуш жерлерин колдонуу салыгы | 29,4 | 36,7 | 39,8 | 41,1 | 40,3 |
| | Ижара акысы, анын ичинде Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин берүү | 223,4 | 248,7 | 271,3 | 300,7 | 312,8 |
| Бардыгы | | 1261,9 | 1345,3 | 1442,1 | 1559,6 | 1568,9 |

Булак: көрсөтүлгөн айыл аймактарынын бюджеттерине кирешелердин келип түшүүсүн талдоонун негизинде автор тарабынан түзүлгөн [www.gamsumo.gov.kg]

Кыргызстандын ар түрдүү аймактарындагы эки айыл өкмөтүнүн киреше дараметин баалоо көргөзгөндөй, ал жылдан жылга өсүү арымына ээ. Жалпы киреше дараметинде каржылык каражаттардын келип түшүүлөрү негизинен жерди пайдаланууга салыктын эсебинен болору аныкталды.

**2.3- жадыбал. КРда муниципалдык менчикти пайдалануудан түшкөн шаар мэрияларынын кирешесин баалоо (2013-2017-жж. карата тандалып алынган, миң сом)**

| Мэриянын аталышы | Киреше түрү | Жылдар | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |
| Нарын ш. | Менчик салыгы, бардыгы | 7846,6 | 7890,2 | 8140,3 | 8300,0 | 7360,0 |
| | Мүлк салыгы, анын ичинде: | 5589,9 | 5585,9 | 5770,3 | 5300,0 | 5080,0 |
| | Кыймылсыз м/с | 1698,1 | 1725,3 | 1770,0 | 1800,0 | 1880,0 |
| | Кыймылдуу м/с | 3891,8 | 3860,6 | 4000,3 | 3500,0 | 3200,0 |
| | Жер салыгы, анын ичинде: | 2256,7 | 2304,3 | 2370,7 | 2410,0 | 2280,0 |
| | Короо жай участогуна салык | 458,3 | 486,8 | 500,7 | 510,0 | 480,0 |
| | Чарба жерлерин пайдаланууга салык | - | - | - | - | - |
| | Калктуу конуш жерлерин колдонуу салыгы | 1798,4 | 1820,5 | 1870,0 | 1900,0 | 1800,0 |
| | Муниц.мүлктүн ижара төлөмү | 2480,5 | 2542,2 | 3100,0 | 3000,0 | 2570,0 |
| Бардыгы | | 10327,1 | 10432,4 | 11240,3 | 11300,0 | 9930,0 |
| Баткен ш. | Менчик салыгы, бардыгы | 5381,2 | 5569,8 | 5772,0 | 6091,0 | 6112,5 |
| | Мүлк салыгы, анын ичинде: | 3832,5 | 3944,6 | 4071,0 | 4300,7 | 4362,0 |
| | Кыймылсыз м/с | 1218,6 | 1246,5 | 1270,3 | 1310,0 | 1360,6 |
| | Кыймылдуу м/с | 2613,9 | 2698,1 | 2800,7 | 2990,7 | 3001,4 |
| | Жер салыгы, анын ичинде: | 1548,7 | 1625,2 | 1701,0 | 1790,3 | 1750,5 |
| | Короо жай участогуна салык | 312,3 | 329,1 | 340,5 | 340,0 | 350,0 |
| | Чарба жерлерин пайдаланууга салык | - | - | - | - | - |
| | Калктуу конуш жерлерин колдонуу салыгы | 1236,4 | 1296,1 | 1360,5 | 1450,3 | 1400,5 |
| | Ижара акысы, анын ичинде Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштү рүү фондунун жерлерин ижарага берүү | 1682,4 | 1723,1 | 1800,0 | 2110,0 | 2200,7 |
| Бардыгы | | 7063,6 | 7292,9 | 7572,0 | 8201,0 | 8313,2 |

Булак: көрсөтүлгөн шаарлардын мэрияларынын салык төлөмдөрүнүн келип түшүүсү боюнча маалыматтарынын негизинде автор тарабынан түзүлгөн [www.meria.kg/]

Эки шаар мэриясынын бюджеттик кирешесин талдоо жана баалоо көргөзгөндөй, айыл өкмөттөрүнөн айырмаланып алардын киреше дарамети олуттуу жогору (6-8 эсе) жана айрыкча кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү

пайдалануудан түшкөн кирешелер бардык бюджеттик кирешенин маанилүү үлүшүн түзөт.

Мүлктүн реестрин түзүү жана аны инвентаризациялоо жергиликтүү коомчулук органдарынын ишмердүүлүгүнүн негизги жана маанилүү багыты болуп эсептелет, бул иш мүлктүн балансын калыптандырууга, жергиликтүү коомчулуктардын инвестициялык жагымдуулук шарттарын түзүүгө мүмкүндүк берет.

Муниципалдык мүлктүн объектилеринин реестри – муниципалдык менчик боюнча тигил же бул чечимдерди кабыл алууда негизги маалымат булагы болуп эсептелет жана ал төмөнкү маалыматтарды камтышы зарыл: объектинин баяндамасы жана жайгашкан жери; муниципалдык менчик объектилерине ээлик кылуу укугун тастыктаган документтер, объектинин баалануучу наркы ж.б. [Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө [Текст]: Кыргыз Республикасынын мыйзамы. – 2005-жыл, 19-август, 3-бап, 10,11,12-беренелер].

**2.4-жадыбал. Мамлекеттик каттоодон өткөн муниципалдык менчик объектилери тууралуу аймактар боюнча маалыматтар (01.01.2017-ж. карата)**

| Облустар жана шаарлар | Объектилердин саны | Каттоодон өткөн |
|---|---|---|
| Башка шаарлар | 392 | 274 |
| Талас облусу | 541 | 359 |
| Нарын облусу | 608 | 582 |
| Баткен облусу | 621 | 615 |
| Ысык-Көл облусу | 820 | 734 |
| Ош ш. | 966 | 598 |
| Жалал-Абад облусу | 1034 | 853 |
| Ош облусу | 1113 | 1080 |
| Чүй облусу | 1191 | 1135 |
| Бишкек ш. | 1237 | 1150 |
| Бардыгы | 9123 | 7483 |

Булак: КРӨгө караштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин маалыматтарынын негизинде автор тарабынан түзүлгөн [www.gamsumo.gov.kg]

2.4 –жадыбалда берилген маалыматтардан көрүнгөндөй, мүлктүн олуттуу бөлүгү мамлекеттик каттоодон өткөрүлдү, муну менен мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик жана башкаруу органдары керектүү башкаруучулук чечимдерди кабыл алуусу үчүн анык маалыматтык база менен камсыз кылынды.

Ошону менен бирге, жүргүзүлгөн талдоо жана жогорку жадыбалда берилген маалыматтар айыл өкмөттөрүнүн, шаардык мэриялардын олуттуу, айрыкча чакан бөлүгүндө муниципалдык мүлктү инвентаризациялоо жана каттоодон өткөрүү процесси ушул кезге чейин бүткөрүлө электигин көргөздү.

Мунун себептери – айрым мүлк объектилери боюнча техникалык маалыматтардын жоктугу; ижарага берүү, кол коюлган сатуу-сатып алуу келишимдерин эсепке алуунун ачык-айкын эместиги; жергиликтүү

коомчулукка өткөрүлүп берилген курулуш салынбаган жер аянттарын, жер тилкелерин эсепке алуунун жоктугу; мамлекеттик бийлик органдарында каттоодон өтүү үчүн каржы каражаттарынын жетишсиздиги ж.б.

**«Кыргыз Республикасында мүлккө муниципалдык менчикти башкаруу процессин өркүндөтүү» деп аталган үчүнчү бапта** муниципалдык менчикти пайдалануу тармагындагы көйгөйлөргө талдоо жүргүзүлдү, чечиле элек маселелер каралды, заманбап Кыргызстандын ЖӨБ экономикасында анын иштешинин негизги багыттары жана өркүндөтүү жолдору аныкталды.

Заманбап Кыргызстанда муниципалдык менчик объектилеринин иштөө абалын, аны башкарууну жана пайдаланууну талдоо учурунда диссертациялык изилдөөдө бул процесстин айрыкча чабал жактары жалпыланды, ага төмөнкүлөр кирет:

1. Советтик өнүгүү мезгилинен мураска калган муниципалдык мүлк объектилери, жергиликтүү ишканалардын жана мекемелердин негизги фондулары физикалык жана моралдык жактан өтө эскирди;

2. Киреше бербеген мүнөздөгү муниципалдык кыймылсыз мүлктүн үлүшү көбөйүүдө, бул аянттардын ижара акысы жыйымынын жетишсиз деңгээли жана ижара келишимдеринин санынын азайышы менен байланыштуу. Муну 3.1-жадыбалдагы маалыматтар күбөлөндүрүп турат.

**3.1-жадыбал. Муниципалдык менчикти, анын ичинде айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүү көрсөткүчтөрү (жалпы КР боюнча), 2013-2017-жж.**

| Көрсөткүчтөр | Жылдар | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |
| Ижарага берилген аянт, миң кв. м | 358,3 | 324,8 | 302,81 | 235,6 | 208,8 |
| Ижара акысы жыйымы, % | 90,1 | 92,4 | 92 | 93 | 94,3 |

Булак: КР УСКнын маалыматтарынын негизинде автор тарабынан түзүлгөн [www.stat.kg/ru]

Ижара акысы жыйымынын көйгөйү айыл жергесиндеги айыл чарба жерлерине тиешелүү. Мунун себеби жыл сайын ижарага берилүүчү жер аянттары кыскарып жаткандыгы. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлери жеке курулуш үчүн трансформациялоо, шаарларда жерлерди бийик үйлөрдү, унаага май куючу жайларды, кафе, ресторан, супермаркеттерди куруу үчүн берүү менен байланыштуу.

3. Жергиликтүү бюджетке муниципалдык менчик объектилерин пайдалануудан түшкөн кирешелер аны менчиктештирүүдө жана ижара акысы учурунда гана оң динамикага ээ. Муниципалдык мекемелер чыгашалуу, ал эми алардын ишмердүүлүгү (коммуналдык чарба, шаардык транспорт, көрктөндүрүү, тазалоо кызматтары ж.б.) көмөкпулга муктаж.

4. Мүлктү пайдалануу процессинин олуттуу чабал жагы – экономиканын муниципалдык тармагын өнүктүрүү, муниципалдык менчик объектилерин көбөйтүү стратегиясынын жоктугу болуп эсептелет. Социалдык багыттагы объектилердин (мектептер, бала бакчалар) курулушун эске албаганда

муниципалдык менчик объектилерин көбөйтүү жүргүзүлбөйт.

5. Республикалык жана аймактык деңгээлдерде жүргүзүлгөн жергиликтүү бюджеттердин салык тутумун реформалоо жана салык кирешелерин калыптандыруу иштери экономиканын өнүгүшүнө жана муниципалдык менчик объектилерин көбөйтүүгө өбөлгө түзбөйт. Жергиликтүү бюджеттер 80%дан ашык көлөмдө республикалык бюджетке көз каранды, ЖӨБ органдары мамлекеттик ыйгарым укуктарын тиешелүү каржылык көмөк болбосо 62,5% га гана аткарат, көмөкпулдагы айыл аймактарынын саны ошол бойдон сакталууда (453түн ичинен 373).

Жергиликтүү бюджеттердин жалпы республикалык бюджеттеги кирешелерин алып карасак, алар туруктуу кыскаруу тенденциясына ээ, муну төмөнкү сүрөттөрдөгү маалыматтар күбөлөндүрүп турат.




**3.1.-сүрөт. Жергиликтүү бюджеттердин динамикасы, 2010-2018-жж.**

Булак: КР ЖӨБ Бирикмесинин жана Өнүгүү саясаты институнун маалыматтарынын негизинде автор тарабынан түзүлгөн [www.citykr.kg]

Кыргыз Республикасынын Президентинин аймактарды олуттуу өнүктүрүү жөнүндө Жарлыгына, ошондой эле Өкмөт тарабынан 2018-жылы жүргүзүлгөн иш-аракеттерге карабастан, жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин үлүшү жалпы жергиликтүү жана республикалык бюджеттердин кирешелеринин үлүшүндө акыркы 10 жыл ичинде стагнацияда - экономикалык өсүштүн токтошу абалында турат (3.1-сүрөттү караңыз). Бул учурда республикалык бюджеттин кирешелери туруктуу темп менен өнүгүүдө (3.2-

сүрөт). Демек, бул жергиликтүү жана республикалык бюджеттердин ортосунда кирешелерди бөлүштүрүүдө өлкөнүн аймактарды өнүктүрүүгө карата атрыкчылыктары эске алынбайт дегенди билдирет. Натыйжада, ЖӨБ органдары өз кызмат-милдеттерин жана мамлекет тарабынан ыйгарылган укуктарын сапаттуу аткарууга ресурстары жетишпейт.




**3.2-сүрөт. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин өсүү динамикасы, 2010-2018-жж.**

Булак: КР ЖӨБ Бирикмесинин жана Өнүгүү саясаты институнун маалыматтарынын негизинде автор тарабынан түзүлгөн [www.citykr.kg]

Сүрөттөрдөгү маалыматтар көргөзүп тургандай, республикалык бюджеттин кирешелери туруктуу темп менен өнүгүү тенденциясына ээ болуп жатса, жергиликтүү бюджеттердин кирешелери дээрлик өспөй турат, ал түгүл кыскаруу тенденциясына ээ. Бул жагдай жергиликтүү коомчулук органдарын каржылоо калдык принциби боюнча жүргүзүлөрүн, салык кирешелери адилетсиз бөлүштүрүлөрүн айтып турат.

Ушуну менен бирге Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши тиешелүү каржылык ресурстар менен бекемдебей туруп жыл сайын жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын кызмат-милдеттеринин санын көбөйтүүдө. Мисалга алсак, акыркы жылдарда жергиликтүү маанидеги маселелердин катарына туризмди өнүктүрүү маселеси кошулду. Саламаттык сактоо ж.б. маселелер боюнча ЖӨБ органдарынын кызмат-милдеттерин кеңейтүү демилгелери үзгүлтүксүз көтөрүлүүдө. Бирок бул сыяктуу демилгелерде жергиликтүү жана республикалык бюджеттердин ортосунда жалпы мамлекеттик кирешелерди бөлүштүрүүнү тиешелүү түрдө өзгөртпөй туруп ЖӨБ органдарынын кызмат-милдеттерин чексиз кеңейтүү акыр аягында жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарын сенектик абалга алып келери, алар чексиз ыйгарым укуктар менен милдеттерди аткарууга жөндөмсүз болуп калары эч качан эске алынбайт.

6. Айрыкча элет жергесинде, чакан шаарларда муниципалдык объектилерди сапаттуу жаңыртуу үчүн керектүү жана жетишерлик тышкы

инвестициялар дээрлик жок. Аларды пайдалануу эскирген суу түтүктөрүн, жылуулук тармактарды, тазалоочу курулмаларды, агынды түтүктөрүн, билим берүү, саламаттык сактоо, маданият имараттарын ж.б. ремонттоо же жаңыртуу менен байланышкан чыгымдардын кескин өсүшүнө алып келери шексиз. Муну менен ансыз деле көп көлөмдөгү республиканын тышкы карызын андан ары көбөйтүү боюнча анык жана объективдүү шарттар түзүлөт.

7. Жогоруда белгиленгендей, айрым бир объективдүү жана субъективдүү себептерден улам муниципалдык мүлктү мамлекеттик кызмат органдарында каттоодон өткөрүүдө көйгөйлөр кезигет. Бул иш тартиби өзүнүн маанилүүлүгүнө карабастан, жогоруда көрсөтүлгөндөрдөн тышкары ижара жана сатуу-сатып алуу боюнча келишимдерди эсепке алуунун ачык-айкын эместиги; жергиликтүү коомчулуктарга өткөрүп берилген жерлерди эсепке алуунун жоктугу; эсепке алуу милдетин аткаруучу дасыгы жогору адистердин жоктугу; мүлктү мыйзамсыз менчиктештирип алуу процессин тастыктоо менен байланышкан соттошуулар ж.б. улам толук аяктай элек.

Ошентип, КРӨгө караштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий маалыматтары боюнча 01.01.2017-жылга карата жергиликтүү коомчулуктардын балансына өткөрүлүп берилген мүлктүн 80% мамлекеттик катоодон өткөн, анын ичинде 300гө жакын мектептер жана балдар бакчалары бар.

Жогоруда көрсөтүлгөн негизги көйгөйлөрдөн тышкары жеке курулуштарды куруу үчүн жер тилкелерин берүү маселеси заманбап Кыргызстандын ЖӨБ органдарынын башкаруу ишмердүүлүгүндөгү дагы бир көйгөй болуп саналат. Бул көрүнүш бүткүл республика боюнча массалык көрүнүш болуп калды жана көп учурларда жерлерди күч менен басып алуу жолу менен чечилүүдө. Анын үстүнө бул жерлер коомдук менчик болуп саналат б.а. кайра бөлүштүрүү фондунун категориясына тиешелүү жана мамлекетке да, жергиликтүү коомчулуктарга да катталган эмес.

Муниципалдык мүлк объектилерин башкаруу процессиндеги көйгөйлөрдү Кыргыз Республикасынын 2018-2022 –жылдарга карата аймактык саясатынын Концепциясында, Жергиликтүү өзүн-өзү башкарууну 2022-жылдарга чейин өнүктүрүү стратегиясында ж.б. каралган көрсөтмөлөрдү ишке ашыруунун натыйжасында ийгиликтүү чечүүгө болорун белгилеп кетебиз. Ошону менен катар ЖӨБ органдарынын каржылык туруктуулугун камсыздоо, ресурстарды натыйжалуу башкаруу, мүлктүк дараметти өстүрүү, бюджеттик жана каржылык жетиштүүлүктү, өзгөчө ыйгарым укуктарды теңдөө максатында жергиликтүү бюджеттин кирешелик жана чыгашалык дараметин кабыл алынган формула боюнча негизделген түрдө аныктоо жолу аркылуу бюджеттер аралык, салыктык жана трансферттик мамилелерди өркүндөтүү зарылдыгы жөнүндө сөз болуп жатат.

Муниципалдык менчикти стратегиялык башкаруунун жана пайдалануунун натыйжалуулугун камсыздоодо жана ишке ашырууда заманбап тажрыйбалардын жетишкендиктеринин бири катары европалык өлкөлөрдүн (Бельгия, Испания, Норвегия ж.б.) муниципалитеттеринде кеңири колдонулган, ошондой эле Россиянын жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу тутумунда жана Кыргыз Республикасынын айрым шаардык мэрияларында (Кант, Шопоков,

Тамчы, Кочкор, Кызыл-Суу ж.б) жигердүү пайдаланылган бенчмаркинг элементтерин колдонуу аларга көмөкпул аймагынан чыгууга жана мүлктүк-экономикалык дараметин өстүрүүгө мүмкүндүк берди.

Биздин пикирибизде, борбордук жана аймактык бийлик органдарынын жетектөөчү ролу алдында «мамлекет-муниципалитет-жеке бизнес» түзмөгү боюнча жергиликтүү бизнести үзгүлтүксүз кеңейтүүгө багытталган жана муниципалдык менчик объектилери менен байланышкан муниципалдык-жеке өнөктөштүк тутумун калыптандыруу жана аракеттенүү чөйрөсүн кеңейтүү зарыл.

Жергиликтүү коомчулук органдарынын материалдык-техникалык базасын, өндүрүштүк инфратүзүмүн сапаттуу көбөйтүү жана социалдык тармагын өнүктүрүү үчүн бардык чараларды пайдаланып өзүмдүк жана тышкы инвестицияларды тартып келүү жана көлөмүн кеңейтүү жолу менен муниципалдык мүлк объектилерин жаңыртууга көңүл буруу керек.

Мындан тышкары, бардык деңгээлдеги мамлекеттик бийлик органдары жалпы мамлекеттик салыктардан түшкөн каражаттарды бөлүштүрүү боюнча уюштурууучулук-экономикалык жана укуктук иш-чараларды кабыл алуусу зарыл. Ал каражаттар жергиликтүү деңгээлде түзүлөт, бирок республикалык бюджетке келип түшкөндөн кийин, тиешелүү чыгашаларга учуроо менен каржылык ресурстардын керексиз тосмо агымын түзүп, кайра артка айрым бөлүгү гана кайтарылат.

Муниципалдык менчикти башкаруу тутумунда түп-тамырынан бери өзгөртүүлөргө жетишүү жана аны коомдун натыйжалуу иштөөчү менчик түрүнө айландыруу максатында колдо бар болгон жетиштүү каржылык-экономикалык ресурстарды (бюджеттик, демөөрчүлүк, чет өлкөлүк) тартып келүү менен жергиликтүү гана эмес мамлекеттик бийлик органдарынын да материалдык-техникалык, уюштурууучулук-укуктук инструменттерин жана ресурстарын аракетке келтирүү керек.

Чарба жүргүзүүнүн рыноктук механизмдерине негизделген менчик объектилерин, жергиликтүү экономиканы жана социалдык тармакты уюштурууга жана натыйжалуу иштетүүгө багытталган башкаруу тутумун түп-тамырынан бери жаңылантууга ишкердик ишмердүүлүк элементтерин жигердүү жайылтуу жана бизнес-түзүмдөрдү өнүктүрүү аркылуу колдоо көргөзүлөт.

Муниципалдык мүлк объектилерин жөнгө салууну өркүндөтүү багыттарынын стратегиялык максаты алардын экономикалык гана эмес, баарыдан мурун социалдык натыйжалуулугун жогорулатуу жолу менен аныкталат, бул жергиликтүү калктын жашоо деңгээлин олуттуу жакшыртуудан көрүнөт.

Заманбап ата мекендик жана айрым чет өлкөлүк тажрыйбага биз тараптан жүргүзүлгөн талдоону, ошондой эле баяндалган сунуштарды эске алуу менен жергиликтүү башкаруунун бүткүл тутумун жаңылантуу боюнча автордук ыкманын негизинде жогоруда саналып өткөн тарамдарга кошумча муниципалдык менчикти башкаруу процессин өркүндөтүүнүн негизги багыттарынын бири катары экономиканын муниципалдык тармагындагы

ишканалардын жана мекемелердин ишмердүүлүгүн камсыз кылуунун каржылык шартын өнүктүрүүнү бөлүп көрсөтүүнү сунуштайбыз.

## НЕГИЗГИ ТЫЯНАКТАР

ЖӨБ тутумунда мүлккө муниципалдык менчиктин калыптануу, башкаруу жана пайдалануу процессине жүргүзүлгөн илимий-теориялык жана методикалык изилдөөлөр төмөнкүдөй тыянактарга келүүгө мүмкүндүк түздү:

1. Социалдык багытталгандыгына карбастан, республикада мүлккө муниципалдык менчиктин өнүгүү негиздери калыптанган, ал менчиктин башка түрлөрү (жеке жана мамлекеттик) менен катар жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын башкаруучулук ишмердүүлүгүнүн объектиси болуу менен конституциялык жактан бекемделди.

2. Илимий талдоо көргөзгөндөй, жергиликтүү коомчулуктардын негизги менчик объектиси болгон муниципалдык менчик өзүнүн социалдык-экономикалык мазмуну боюнча коомчулуктун (мэрия, айыл өкмөтү) калкы компакттуу түрдө жашаган конкреттүү аймактарда материалдык жана рухий байлыктарды өндүрүүнүн, ээ болуунун жана керектөөнүн жамааттык түрү болуп эсептелет.

3. Муниципалдык менчиктин маңызын ачып көрсөтүү жна талдоо аркылуу бул менчик түрүн башка менчик түрлөрүнөн бөлүп көрсөтүүнүн негизги экономикалык критерийи болуп жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын материалдык байгерчиликти өндүрүү жана кайра өндүрүү менен байланышкан кызмат-милдеттери эсептелет деген тыянакка келдик.

4. Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын башкаруучулук ишмердүүлүгүнүн башкы объектиси болуп саналган муниципалдык менчиктин ачык даана көрүнгөн кызмат-милдеттери аныкталды жана системага келтирилди.

5. Муниципалдык мүлктүн мүнөзүн жана пайдалануу багытын эске алып, анын түзүмү жана курамы жалпылаштырылган түрдө төмөнкү бөлүктөргө топтоштурулду:

- пайдалануу мүнөзү жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган мүлк, анын ичинде жер аянттары, жайлоолор, жергиликтүү маанидеги жаратылыш ресурстары ж.б.; - ЖӨБ органдары тарабынан айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашырууга багытталган мүлк же каражаттар; - тикелей жергиликтүү коомчулукка таандык органдардын, кызмат адамдарынын, ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин кызматкерлеринин ишмердүүлүгүн камсыз кылуу үчүн колдонулуучу мүлк;
- жергиликтүү бюджеттик, бюджеттен тышкары каражаттардан түзүлгөн жана калыптанган, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын казнасын түзгөн каржылык ресурстар.

6. Муниципалдык менчик объектилеринин иштешинин каржылык курамына жүргүзүлгөн талдоонун жүрүшүндө алар жергиликтүү коомчулук органдарынын бюджеттерин калыптандыруунун жетектөөчү тутуму боло электиги аныкталды.

# ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Муниципалдык менчикти башкаруу жана пайдалануу процессине биз тараптан аныкталган көйгөйлөргө, анын иштөө чөйрөсүндө түзүлүүчү мүмкүнчүлүктөргө жана тобокелдиктерге талдоо жүргүзүү бизге аны өркүндөтүүнүн жалпы багыттарын негиздөөгө мүмкүндүк түздү.

1. Жергиликтүү коомчулук органдарынын материалдык-техникалык базасын, өндүрүштүк инфратүзүмүн сапаттуу көбөйтүү жана социалдык тармагын өнүктүрүү үчүн өзүмдүк жана тышкы инвестицияларды тартып келүү жана көлөмүн кеңейтүү жолу менен муниципалдык мүлк объектилерин үзгүлтүксүз жаңыртуу.

2. Жалпы республикалык салыктардан түшкөн кирешени объективдүү бөлүштүрүү боюнча мамлекеттин деңгээлинде уюштуруучулук-экономикалык жана укуктук иш чараларды кабыл алуу.

3. Муниципалдык менчикти башкаруу тутумунда түп-тамырынан бери өзгөртүүлөргө жетишүү жана аны коомдун натыйжалуу иштөөчү менчик түрүнө айландыруу максатында жергиликтүү гана эмес тышкы каражаттардын да колдо бар болгон материалдык-техникалык, уюштуруучулук-укуктук инструменттерин жана ресурстарын пайдалануу.

4. Бир катар европалык өлкөлөрдүн, ошондой эле Россиянын муниципалдык менчикти натыйжалуу башкаруу жана пайдалануу боюнча тажрыйбасын иликтөө менен жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу тутумунун жалпы стратегиялык максаттарын, калыптануу жана өнүгүү артыкчылыктарын эске алган бенчмаркингдин айрым элементтерин ишке киргизүү.

5. Борбордук жана аймактык бийлик органдарынын жетектөөчү ролу астында муниципалдык-жеке өнөктөштүк тутумунун иштөө чөйрөсүн түзүү жана кеңейтүү.

6. Өзүмдүк каржылык базаны чыңдоо максатында жергиликтүү бийлик органдары тарабынан ижара мамилелерин өркүндөтүү боюнча таасирдүү иш-чараларды кабыл алуу.

Ошентип, мүлккө муниципалдык менчикти башкаруу жана пайдалануу процессине теориялык жана практикалык талдоо жүргүзүү аракети жетишкендиктерди гана эмес олуттуу каталыктарды жана кемчиликтерди да аныктады, аларды талдоонун натыйжасында эволюциялык өнүгүп жаткан муниципалдык менчик түрүнүн натыйжалуу иштешин камсыздоо боюнча биздин оюбузча конкреттүү иш-чаралар сунушталды.

# ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ:

1. Кадыр уулу А. Муниципалдык менчик мамилелерин жөнгө салуу маселесине карата [Текст] / Кадыр уулу А // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы - Бишкек, 2013.- №-1, 416-421-б.

2. Кадыр, уулу А. Мүлккө муниципалдык менчик мамилелерин жөнгө салуу маселесине карата [Текст] / А. Кадыр уулу, И.И.Искаков // Борбордук Азия өлкөлөрүнүн бухгалтерлеринин жана аудиторлорунун Ысык-Көл форумунун Кабарлары - Бишкек, 2017. - №-3(18), 112-115-б.

3. Кадыр, уулу А. Кыргызстандын экономикасынын корпоративдик тармагын калыптандыруу маселесине карата [Текст] / А. Кадыр уулу // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы – атайын чыг-ш, Бишкек, 2006-ж., 116-119-б.

4. Кадыр, уулу А. Муниципалдык менчикти башкаруу механизмдери [Текст] / Кадыр уулу А // Экономика жана бизнес: теория жана практика. - Новосибирск, 2017. -№-2, 40-46-б.

5. Кадыр, уулу А. Мүлккө муниципалдык менчиктин иштөө процессиндеги айрым карама-каршылыктар [Текст] / А. Кадыр уулу , И.И. Искаков // Тышкы саясаттагы жаңы иш- Красноярск, 2017.- 38(82), 12-14-б.

6. Кадыр, уулу А. Муниципалдык менчикти башкаруу тутумунун өзгөчөлүктөрү [Текст] / Кадыр уулу А // Кыргызстандагы илим, жаңы технологиялар жана инновациялар. - Бишкек,2017, №-6, 95-100-б.

7. Кадыр, уулу А. Мүлккө муниципалдык менчиктин социалдык-экономикалык мазмуну [Текст] / Кадыр уулу А // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы - Бишкек, 2015. -№-1, 141-146-б.

8. Кадыр, уулу А. Кыргыз Республикасында муниципалдык менчикти натыйжалуу пайдалануунун өзгөчөлүгү [Текст] / Кадыр уулу А // Гуманитардык жана табигый илимдердин эл аралык журналы – Новосибирск, 2017. - №-10,133-139-б.

9. Кадыр, уулу А. Муниципалдык каржылар жергиликтүү коомчулуктардын социалдык өнүгүүсүнүн булагы катары [Текст] / А. Кадыр уулу, И.И. Искаков // Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын Жарчысы - Бишкек,2009, №-9, 32-б.

**Кадыр уулу Алмазбектин 08.00.05 – экономика жана элдик чарба башкаруу адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө сунушталган «Кыргыз Республикасынын муниципалдык менчигин башкаруу жана өнүктүрүү көйгөйлөрү» аталыштагы диссертациясынын**

## КЫСКАЧА МАЗМУНУ

**Түйүндүү сөздөр:** муниципалдык менчик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу, айыл өкмөтү, мэрия, жергиликтүү бюджет, мүлк, жергиликтүү коомчулук, салыктар, жер салыгы, мүлк салыгы, кирешелер, чыгымдар, пайда, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык жана каржылык негиздери, теңдештирүүчү грант, стимулдаштыруучу грант.

**Изилдөөнүн негизги объектиси:** мүлккө муниципалдык менчик.

**Изилдөөнүн предмети:** мүлккө муниципалдык менчикти башкаруу жана колдонуу процессинде келип чыккан экономикалык мамилелер.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты:** мүлккө муниципалдык менчик потенциалын башкаруу жана колдонуунун озгөчөлүктөрүн ачыктоо, аны Кыргыз Республикасында жөнгө салууну жакшыртуунун негизги багыттарын аныктоо.

**Изилдөө методдору:** статистикалык, тутумдук, аналитикалык, салыштырмалуу, логикалык.

**Алынган жыйынтыктар:** Бир катар айыл өкмөттөрүнүн жана мэриялардын мисалында муниципалдык менчиктин объектилерин колдонуудагы илимий негизде аныкталган натыйжалар жана ыкмалар муниципалдык менчикти башкарууда мамлекеттин башка аймактарында колдонууга сунушталат.

**Алынган натыйжаларды колдонуу денгээли.** Аталган изилдөөнүн алынган практикалык натыйжалары, илимий негизделген сунуштары, ошондой эле корутундулары бардык деңгээлдеги мамлекеттик жана муниципалдык бийлик органдары тарабынан муниципалдык менчик объектилерин башкаруу жана колдонуунун натыйжалуу механизмдерин иштеп чыгуу жана анын оптималдуу түзүмүн аныктоо үчүн колдонулушу ыктымал.

**Колдонуу чөйрөсү:** Диссертациялык изилдөөдө иштелип чыккан жоболор «Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык жана каржылык негиздери», «Мамлекеттик жана муниципалдык каржы», «Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негиздери», «Экономиканы мамлекеттик жөнгө салуу», «Муниципалдык менежмент» сыяктуу ЖОЖдордун окуу дисциплиналарын окутуунун жүрүшүндө, ошондой эле муниципалдык кызматкерлер үчүн ЖӨБ органдарынын каржылык-экономикалык базасынын маселелери боюнча атайын дасыгын жогорулатуу курстарын өткөрүүдө колдонууга болот.

# РЕЗЮМЕ

**Кадыр уулу Алмазбек на тему: «Проблемы управления и развития муниципальной собственности Кыргызской Республики», представленной на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 - Экономика и управление народным хозяйством (по отраслям и сферам деятельности).**

**Ключевые слова:** муниципальная собственность, местное самоуправление, айыл окмоту, мэрия, местный бюджет, имущество, местное сообщество, налоги, земельный налог, налог на имущество, доходы, расходы, прибыль, экономические и финансовые основы местного самоуправления, выравнивающий грант, стимулирующий грант.

**Объектом исследования** является муниципальная собственность на имущество.

**Предметом исследования** выступают экономические отношения, возникающие в процессе управления и использования муниципальной собственности на имущество.

**Цель диссертационного исследования:** выявление особенностей управления и использования потенциала муниципальной собственности на имущество, определение основных направлений совершенствования ее регулирования в Кыргызской Республике.

**Методы исследования:** статистический, системный, аналитический, сравнительный, логический.

**Полученные результаты:** Предложения и результаты проведенного исследования, выполненные на основе анализа деятельности отдельных мэрий и айыльных округов по использованию объектов муниципальной собственности в различных регионах республики, позволили внедрить отдельные их элементы в некоторых органах управления местных сообществ.

**Степень использования:** Полученные практические результаты данного исследования, научно обоснованные рекомендации, а также выводы могут быть использованы органами государственной и муниципальной власти всех уровней для выработки эффективных механизмов управления и использования объектов муниципальной собственности, определении ее оптимальной структуры.

**Облусу применения:** Положения, разработанные в диссертационном исследовании, могут быть использованы в ходе преподавания таких вузовских учебных дисциплин, как: «Экономические и финансовые основы местного самоуправления», «Государственные и муниципальные финансы», «Экономические основы местного самоуправления», «Государственное регулирование экономики», «Муниципальный менеджмент», а также при проведении специализированных курсов повышения квалификации для муниципальных служащих по вопросам финансово-экономической базы органов МСУ и т.д.

**RESUME**

**of Kadyr uulu Almazbek on the subject "Issues on Management and Development of the Municipal Property of the Kyrgyz Republic" presented for the Degree of the Candidate of Economic Sciences (Ph.D. in Economics), with specialization in 08.00.05 – Economics and Management of the National Economy (by branches and scopes of activity)**


**Key words**: municipal property, local self-government, aiyl okmotu, Mayor's Office, local budget, property, local community, taxes, land tax, property tax, income, expenses, profits, economic and financial principles of local self-government, redistributive grant, incentive grant.

**Object of the research:** municipal ownership of property.

**Subject of the research:** economic relations arising in the course of management and use of municipal ownership of property.

**Goal of the thesis research:** revelation of features of the management and use of the potential of municipal ownership of property, identification of the main directions for improving its regulation in the Kyrgyz Republic

**Methods of the research:** statistical, systemic, analytical, comparative, logical.

**Obtained results and their scientific novelty**: Proposals and results of the study, carried out on the basis of an analysis of the activities of individual mayors and aiyl okrugs on the use of municipal property in various regions of the republic, made it possible to introduce some of their elements in some of the governing bodies of local communities.

**Degree of use of obtained results.**

The obtained practical results of this study, scientifically based recommendations, as well as conclusions can be used by state and municipal authorities at all levels in order to develop efficient mechanisms for the management and use of the municipal property and for determination of its optimal structure.

**Scope of application**

The provisions developed in the dissertation research can be used in the course of teaching the university disciplines such as: "Economic and Financial Fundamentals of Local Self-government". "State and Municipal Finance", "Economic Fundamentals of Local Self-government", "State Regulation of Economy", "Municipal Management", as well as when conducting specialized advanced training courses for municipal employees on the issues of financial and economic basis of local self-government bodies, etc.

Форматы 60x84 1/16
Офсет кагазы. «Times» жасалгасы. Көлөмү 1,75 б.т.
Офсет басмасы. Нускасы 100 даана.
М. Рыскулбеков атындагы КЭУнун басмаканасында чыгарылган
720033, Бишкек ш., Тоголок Молдо көч., 58